# ВКЛАД ГИППОКРАТА В РАЗВИТИЕ МЕДИЦИНСКОЙ НАУКИ И ИЗУЧЕНИЕ МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ В АНГЛИЙСКОЙ ЛИНГВИСТИКЕ

***Мирзахидова М.И., д.фил.н., проф.***
***Матаева Ө.Н., аспирант ОшКУУ***
***Кыргызская Республика***

***Аннотация.*** *В данной работе предметом исследования рассматривалось изучение медицинских терминов в английской лингвистике как этимологии греческого и латинского языков. Цель исследования проанализировать греческое и латинское происхождение медицинских терминов, используемых в английском языке, и сравнить их. В исследовании использовались методы сравнения, анализа и обобщения. Вклад Гиппократа в медицинскую терминологию и тот факт, что его работы и по сей день используются в медицине, определяют актуальность статьи. В результатах исследования также было подтверждено, что медицинские термины, используемые в английском языке, являются этимологией греческого и латинского языков.*

***Ключевые слова:*** *Гиппократ, медицинские термины, этимология, греческий и латинский языки, терминология, лекарство.*

## Hippocrates' contribution to the development of medical science and the study of medical terms in English linguistics.

**Annotation.** *In this work, the subject of the study was the study of medical terms in English linguistics as the etymology of Greek and Latin languages. The purpose of the study is to analyze the Greek and Latin origins of medical terms used in English and compare them. The study used methods of comparison, analysis and synthesis. Hippocrates' contribution to medical terminology and the fact that his works are still used in medicine today determine the relevance of the article. The study results also confirmed that medical terms used in English are etymologies from Greek and Latin.*

***Key words:*** *Hippocrates, medical terms, etymology, Greek and Latin languages, terminology, medicine.*

## Медицина илиминин өнүгүүсүнө Гиппократтын кошкон салымы жана медициналык терминдердин англис тил илиминде изилдениши

Англис тилиндеги медициналык терминдерди изилдөөдө грек жана латын тилинин терминологиясына кайрылбоого болбойт. Себеби эл аралык медициналык терминологиянын жана анын ичинде англис медициналык терминологиясынын өнүгүүсү дээрлик 2500 жылдык тарыхты камтыйт. Анын ичинде грек жана латын тилдеринен сырткары ар бир улуттун тили медицинанын өнүгүшүнө чон салым кошкон жана заманбап медициналык англис тилинде өчпөс из калтырган десек болот.

Көптөгөн илимий эмгектерди жазып, элдин эсинде «медицинанын атасы» катары сакталып калган байыркы грек дарыгери Гиппократтын медицинага кошкон салымы абдан зор. Ал дарылоонун негизги принциптерин ойлоп тапкан жана алар ушул күнгө чейин бейтаптарды дарылоодо колдонулуп келүүдө.

Гиппократ (б.з.ч. болжол менен 460-437-жж.) Кос аралында туулган. Ал дарыгер катары көп саякаттаган жана дарыгерлик өнөрүнүн атагы көптөгөн мамлекеттерге жайылган. Ал өмүрүнүн акыркы жылдарын Лариссада (Фессалия) өткөргөн.

Птолемейлердин буйругу менен дүйнөнүн булуң-бурчунан Александрияда окумуштуулардын кол жазмалары топтолуп, алар каталогдорго систематаштырылып, изилденип, которулуп жана кайра жазылган. Убакыттын өтүшү менен кол жазмалардын саны 700 миң түрмөктөн ашкан жана алардын ичинен Иония диалектинде грекче 72

Andijon davlat chet tillari instituti

медициналык жазуу болгон. Биздин заманга чейинки 300-жылдары бардык медициналык кол жазмалар "Гиппократ жыйнагына" бириктирилген.

Биздин заманга чейин 700-жылы Книдеде байыркы грек медицинасынын биринчи белгилүү мектеби ачылган. Анда анатомия боюнча биринчи эмгектин автору Алькмеон иштеген жана бейтаптарды байкоо практикасы биринчи жолу ушул мектепте колдонулган. Кийинчерээк Гиппократ өз мектебин Кос аралында негиздеген [1].

Дарыгерликтин ыкмалары менен өсүмдүктөн, жаныбардан жана минералдан алынган каражаттар аркылуу айыктыруу алгачкы коомдо эле пайдаланылган. Биринчи жолу Гиппократтын мектебинде курч жана өнөкөт ооруу, эндемикалык жана эпидемия, айыгуу жана калыбына келтирүү, кризис, пароксизм, резолюция жана башка ушул сыяктуу медициналык терминдер колдонулган. Гиппократ бейтаптарды айыктырууда медициналык ишмердүүлүктү эле колдонбостон дарыгерлердин моралдык-этикалык стандарттарынын калыптануусу боюнча дарыгерлерге эмгекчилдикти, жарашыктуу жана тыкан келбетти, кесибин такай өркүндөтүүсүн, олуттуулукту, сезимталдыкты, бейтаптын ишенимине кире билүүнү, медициналык сырды сактай билүү менен өзгөчөлөнүшү керектигин “Гиппократтын анты” аттуу эмгегинде кеңири баяндап жазган.

Латын жана грек тилдери англис тилдүү медициналык терминологиянын калыптанышына жана өнүгүшүнө эн негизги таасирин тийгизген десек жаңылышпайбыз. Англис тилиндеги медициналык терминдердин болжол менен 95% латын жана латындаштырылган грек тилдеринен алынган. Медицинада латын жана грек тектүү элементтердин негизинде курулган терминдер " ядролук " негизде англис тилинин терминологиясында өзгөчө татаалдыктарды жаратпайт. Мисалы төмөндөгү терминдердин латын тилинен англис тилине которулушуна көңүл бөлсөк дээрлик айырмачылык жок экендиги таблицада көрүнүп турат. (А. И. Картунованын “латынча-орусча-англисче” окуу сөздүгүндөгү медициналык терминдер)

| **латынча** | **англисче** | **кыргызча** |
|---|---|---|
| abdomen | abdomen | Курсак (ич) көңдөйү |
| pharynx | pharynx | Тамак (ооз) көңдөйү |
| esophagus | esophagus | Кызыл өңгөч |
| pancreas | pancreas | уйку бези |
| duodenum | duodenum | он эки эли ичеги |
| intestine | intestinum | ичеги |
| rectum | rectum | көтөн ичеги |
| auditus | audition, hearing | угуу |
| dentalis | dental | тиш дарыгер |

Жогорудагы англис тилинде колдонулуп жаткан терминдер латын тилинин этимологиясы экендигин тастыктоодо[4].

Медициналык терминдер илимде жана коомдо кенири тараган терминдер болуп саналып, эл аралык тилдерде колдонулат.

Эллиндердин Египет медицинасына болгон урмат-сыйына карабастан, жазма булактардын жетишсиздигинен жана байыркы медициналык терминологияны түшүнүүдөгү кыйынчылыктардан улам, египеттиктердин тажрыйбасын грек жерине өткөрүп берүү аракеттери болгон эмес. Белгилүү болгондой, гректер медициналык колдонмолору үчүн Египеттин дары-дармектеринин көптөгөн рецепттерин алышкан. Египеттин таасири Александрияда грек медициналык мектеби түзүлгөндөн кийин көбүрөөк байкала баштады [3]. Медициналык терминдердин эң байыркысы грек тили болгон жана андагы англис медициналык терминдери грек тилинен келип чыккандыгы боюнча төмөнкүлөрдү мисал келтирсек: bregma- брегма, chorion- хорион, diabetes- диабет,

diarrhoea- диарея, dyscrasia- дискразия, empyema- эмпиема, emphysema- эмфизема, glottis - глоттис, hypopyon -гипопион, myopia- миопия, ophthalmia -офтальмия, plasma- плазма, pnenumonia- пневмония, stigma-стигма and trauma- травма. Ушул сыяктуу грек тилинен алынган терминдердин көпчүлүгү которулушу жана айтылышы жактан англис тилине эле жакын болбостон орус тилинде да айтылуусу боюнча окшоштугу бар.

17-19-кылымдарда медициналык илимдердин фармакология, физиология, патология, токсикология ж.б. сыяктуу жаңы тармактары пайда болгондугу медициналык терминологияны жаңы лексика менен байытууга алып келген. 17-кылымда коомдук саламаттыкты сактоону өнүктүрүү башталган жана policlinica и quarantine сыяктуу сөздөр пайда болгон. Ошондой эле коомдук саламаттыкты сактоонун өнүгүшүнө байланыштуу илимий мазмундагы медициналык тексттер илимий-популярдуулук жагынан, илимпоздор үчүн гана эмес, окурмандардын кеңири чөйрөсү үчүн арналган. Тексттердин колдонулушу улуттук тилдерде, ал эми көпчүлүк илимий эмгектер дагы эле латын тилинде жазылган. [3]

Байыркы грек дарыгери Гиппократ заманбап медицинанын негиздөөчүсү. Ал өз учурунда медицинага илимий мамилени калыптандырууну иштеп чыгып коомго кеңири тараткан илимпоз. Ошондой эле англис тилиндеги медициналык терминдердин көпчүлүгү грек жана латын тилдеринен келип чыккан деген тыянак чыгарууга болот жана медициналык лексиканын чоң катмары грек жана латын тилдеринин этимологиясы экендигин айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Annas, Julia Classical Greek Philosophy. In Boardman, John; Griffin, Jasper; Murray, Oswyn (ed.) The Oxford History of the Classical World. Oxford University Press: New York, 1986. ISBN 0-19-872112-9
2. Andrews E. A history of scientific English. The story of its evolution based on a study of biomedical terminology. New York, Richard R. Smith 1947
3. Barnes, Jonathan Hellenistic Philosophy and Science. In Boardman, John; Griffin, Jasper; Murray, Oswyn (ed.) The Oxford History of the Classical World. Oxford University Press: New York, 1986. ISBN 0-19-872112-9
4. Латинско-русско-английский учебный словарь по ветеринарной терминологии : учеб. - метод. пособие для студентов по специальностям «Ветеринарная медицина», 1-74 03 04 «Ветеринарная санитария и экспертиза», 1-74 03 05 «Ветеринарная фармация» / А. И. Картунова [и др.]. - Витебск : ВГАВМ, 2020. - 96 с.
5. Мирзахидова, М.И., Матаева, О.Н. "Кош бойлуулук" терминин лингводидактикалык анализи [Текст]/ М.И. Мирзахидова, О.Н.Матаева //Наука.Образование.Техника.-КУМУ,2023.-№2-с.161-168

Andijon davlat chet tillari instituti